DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2022

*Кулова Э.К., Усубалиева А.С.*

## ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАЛКТЫН РОЛУ

*Кулова Э.К., Усубалиева А.С.*

## РОЛЬ МЕСТНОГО НАСЕЛЕНИЯ В ТАЛАССКОЙ БИТВЕ

*E. Kulova, A. Usubalieva*

## THE ROLE OF THE LOCAL POPULATION IN THE BATTLE OF TALAS

*УДК: 947.1(575.2) (043.3)*

*Макалада Талас салгылашуусунун натыйжасына таасирин тийгизген карлуктар, карлук этноними, уруу союзуна кирген уруулар жана алардын кыргыз уруулары менен байланышы каралды. Чигилдер карлук бирикмесинде болгондуктан карлуктардын курамында кыргыздардын киргенин ырастоого болот. Көчмөн цивилизациясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз элинин кеңири аймакта көчүп, өз элинин өзгөчөлүгүн сактап келген байыркы эл экендиги талашсыз. Окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен кыргыз эли жергиликтүү калк болгондугун жана Талас салгылашуусунун жүрүшүнө өз таасирин тийгизгендигин белгиленди. Атлах салгылашуусунда карлуктар жана жергиликтүү түрк уруулары негизги чечүүчү ролду ойногондугу талашсыз. Талас салгылашуусу ошол учурдагы саясий абалдын өзгөрүшүнө, Тан империясынын Борбордук Азияда дээрлик он кылым өз таасирин жоготуп, жергиликтүү түрк урууларында ислам дининин таралышына жол ачкан салгылаш болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *салгылашуулар, кыргыздар, карлуктар, чигилдер, түрк уруулары, цивилизация, дин.*

*В статье рассмотрены влияние карлуков на итоги Таласской битвы, этноним карлук, племенное единство и их взаимоотношения с киргизскими племенами. Учитывая особенности кочевой цивилизации, не вызывает сомнений, что кыргызы – это древний народ, кочевавший на обширной территории и сохранивший самобытность своего народа. По мнению ученых, кыргызы были коренным народом и повлияли на ход Таласской битвы. Несомненно, карлуки и местные тюркские племена сыграли ключевую роль в битве при Атлахе. Таласское сражение открыла путь распространению исламской релгии среди местных тюркских племен, а таже изменила политическую ситуацию того времени, империя Тан почти на десятилетие утратила свое влияние в Средней Азии.*

***Ключевые слова:*** *сражения, кыргызы, карлуки, чигилы, тюркские племена, цивилизация, религия.*

*The article deals with the influence of the Karluks on the results of the Talas battle, the ethnonym Karluk, tribal unity and their relationship with the Kyrgyz tribes. Considering the peculiarities of the nomadic civilization, there is no doubt that the Kyrgyz are an ancient people who roamed over a vast territory and preserved the identity of their people. According to scientists, the Kyrgyz were an indigenous people and influenced the course of the Talas battle. Undoubtedly, the Karluks and local Turkic tribes played a key role in the battle of Atlakh. The Talas battle opened the way for the spread of Islamic religion among the local Turkic tribes, and also changed the political situation of that time, the Tang empire lost its influence in Central Asia for almost a decade.*

***Key words:****battles, Kyrgyz, Karluks, Chigili, Turkic tribes, civilization, religion, political changes.*

Дүйнөлүк тарыхый процесске таасирин тийгизген Талас салгылашуусу 751-ж. Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарынын жанында болуп өткөн. Аталган салгылашуу ошол мезгилдеги саясий өзгөрүүлөргө өзүнүн таасирин тийгизип, тарыхта белгилүү орунду ээлери талашсыз.

Жети-Сууда саясий абал оор болгон. Түргөш кагандары чыныгы күчүн жоготкон. Бири-биринен ажыраган уруулар чет элдик баскынчыларга катуу каршылык көрсөтө алышкан эмес. Мындан Чыгыш Түркстандагы Тан губернаторлору пайдаланып, “сарылардын” ортосундагы хандык касташууга кийлигишип, Чаштын башкаруучусун чыккынчылык менен өлтүрүшкөн. Тан империясынын Орто Азиянын иштерине мындай тайманбастык менен кийлигишүүсүн арабдар көз жаздымда калтыра алган эмес. Үстөмдүк талашы Талас дарыясынын жээгиндеги салгылашта чечилген [5, 252-б.].

Талас согушунун VIII кылымдагы саясий кырдаалды жана геосаясатты чечүүдө жана Борбордук Азиянын, анын ичинде кыргыздардын келечектеги тагдырын аныктоодо мааниси зор [5, 252-б.].

Араб тарыхчысы *Ибн Ал-Асирдин* маалыматы боюнча Атлахта кытайлардын 50 миңи өлтүрүлүп, 20 миңи туткунга алынган. Талкаланган аскерлердин калганы Талас дарыясын бойлой тоого качкан. Туткундардын көпчүлүгү Самаркан жана Иракка айдалган [5, 253-б.].

Халифаттагы армиянын ролу негизинен исламдын доктринасы менен аныкталган. Халифтердин негизги стратегиялык милдети «ыйык согуш» жолу менен мусулман эместер жашаган аймакты басып алуу деп эсептелген.

Басып алуулардын биринчи этабында араб армиясы уруулук кошуун менен болгон. Бирок армияны чыңдоо жана борборлоштуруу зарылчылыгы VII кылымдын аягы – VIII кылымдын орто ченинде бир катар аскердик реформаларды шарттаган. Араб армиясы эки негизги бөлүктөн – туруктуу армиядан жана ыктыярчылардан түзүлө баштаган жана ар бири өз командиринин карамагында болгон. Туруктуу армияда өзгөчө орунду артыкчылыкка ээ болгон мусулман жоокерлери ээлеген [4, 17-б.].

Армиянын негизги куралы атчан аскерлер болгон. Бирок арабдар согушчан уруу болгондуктан, ар бир бойго жеткен араб жоокер болгон жана ар ким эле атка ээ боло албагандыктан, Араб халифатынын армиясында көптөгөн жөө аскерлер болгон. Жөө аскерлердин жүрүшүн тездетүү үчүн арабдар төөлөрдү кол-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



донушкан, бул армиянын мобилдүүлүгүн бир топ жогорулаткан. Төө минген жоокерлер согушуу үчүн узун найза менен куралданышкан [2, 82-б.].

Араб армиясынын күчү мобилдүүлүктө – тез жылып, душман үчүн күтүүсүз жерлерде пайда болуу жөндөмүндө, ошондой эле жөө жана атчан аскерлердин жакшы уюштурулган өз ара аракетинде болгон. Арабдар буктурмаларды, жортуулдарды жана күтүүсүз чабуулдарды кеңири колдонушкан - негизинен таңга маал, уйку өзгөчө күчөгөндө.

Тан династиясынын доору – Кытай кайра жаралуусунун бир түрүнүн доору да Кытайдын аскердик искусствосунун жаңы көтөрүлүшү менен коштолгон. Жалпысынан Тан династиясынын пайда болушу жана түптөлүшү биринчи кезекте таланттуу колбашчылардын аркасында мүмкүн болгон.

Алар жоокерлерин көчмөндөрдөн алынган согуштун жаңы түрүнө ырааттуу жана чыдамкайлык менен көнүктүрүшкөн. Жоокерлер боз үйлөрдө жашап, эт-сүт жеп, ат минип, аңчылыкка катышууга аргасыз болушкан. Бул ыкма куралган атчан аскерлердин согуштук сапаттары боюнча түрктөргө караганда төмөн болбой калгандыгынын натыйжасын берген. Аскердик технология идеалдарды тарбиялоого, физикалык даярдыкка, өзүн-өзү коргоого, техниканын жана чеберчиликтин терең теориясына умтулууга негизделген салттуу кытай согуш өнөрүнүн өнүгүшүнө түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан, согуш өнөрү Кытайдын согуш маданиятынын абдан маанилүү бөлүгү болуп саналат. Куралдын кандайдыр бир түрү боюнча отряддарды адистештирүү өзгөчө жайылды; аскерлер кылыч, найза, таяк, балта-ю (узун сабы бар балта) жана ал тургай орок менен айрыны кеңири колдонушкан. Тан доорунда согушуп жаткан мамлекеттердин доорунда пайда болгон көп сандаган кылыч ыкмалары өзгөчө гүлдөп турган. Белгилүү сөз бар: Тан династиясынын үч казынасы – Ли Бонун поэзиясы, Пэй Миндин кылыч чеберчилиги жана Чжан Сунун каллиграфиясы. Мылтык арабаларына орнотулган оор арбалеттер жана атка каршы "темир тиштери" да иштелип чыккан. Жебелер кургатылган бамбуктан жасалган [4, 18-б.].

Тактика биринчи кезекте ылдамдыкка жана мобилдүүлүккө, капталдагы жана конверттүү маневрлерге негизделген. Кытай командирлери аскерлерди «алты түстүү системада» «Жугэ Ляндын сегиз катар схемасы» боюнча тизишти. Согушта мындай армияны гонг, туу, барабан аркылуу толук башкаруу үчүн чоң чеберчилик керек болчу. Ошондуктан миллиондук армияны чогултуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон кытай колбашчылары 10, 30 же 45 миң аскерден турган кошуундарды башкарууну артык көрүшкөн [5, 252-б.].

Арбалет, жөө жана атчан аскерлерден турган армия. Тан династиясы темирден болот эритүү ыкмасын ойлоп тапкандыктан, металлургиялык өндүрүштүн технологиясы бир топ жакшырган.

Талас салгылашуусунун натыйжасына өз таасирин тийгизген карлуктар жөнүндө кеп баштасак. Карлуктар алгач Танг-шу (VII к.) кытай жыл санагында кезигип, кололу “кар күрткүсү” деп берилген түрк урууларынын бири. Бул бутакка кирген ар бир уруунун өзүнүн каганы болгон жана анын жеке аскерлери болгон [4, 17-б.]. Ашинанын артынан ээрчиген – телес, кыргыз, уйгур, тогон жана башка уруулар бардык көчмөндөргө түшүнүктүү бир тилде сүйлөшкөн жана аскер тактикасы бирдей болгон. Карлуктар да мындан сырткары эмес болгон [4, 17-б.].

“Карлук бодун” (карлук эли) же “үч карлук” (карлуктардын үч уруусу) деген атты Монгол алтайынан Балхаш көлүнө чейинки, Тарбагатай кырка тоолорунан түштүккө жана түндүккө карай аймакты ээлеп жаткан көчмөн уруулардын күчтүү союзуна таркатышкан. Карлук бирикмесинин курамына булак, чигил, (же себек) жана ташлык деген үч ири уруу кирген [4, 17-б.].

Карлуктардын өз алдынчалыкка умтулушу алардын уйгурлар менен кагылышуусуна алып келген. 746-жылы өздөрүнүн мурдагы союздаштары тарабынан кысымга алынган карлуктар Жети -Сууга көчүп келишкен. Бул тууралуу Элтемиш Билге каганга арналган жазууларда кездешет. Анда ит жылында үч карлуктар чыккынчылыкты байкап калып, качышкан. Алар батышта он ок элинин жерине келишкен [5, 252-б.]. Жети-Сууда саясий абал оор болгон. Түргөш кагандары бирдиктүү бийлигин жоготушкан. Өз ара бытыраган уруулар сырттан келген баскынчыларга реалдуу түрдө каршылык көрсөтө алышкан эмес. Түзүлгөн абалдан тан төбөлдөрү пайдаланып, “сары” жана “кара” түргөштөрдүн ортосундагы династиялык чатакка кийлигишкен. 748-жылы тан аскерлери Суяб шаарын убактылуу басып алышып, талкалашкан. Кийинки жылы алар Чачтын башкаруучусун туткундап, чыккынчылык менен өлтүрүшкөн [5, 252-б.].

Арабдар тан империясынын Орто Азиядагы иштерге тайманбас кийлигишүүсүнө көңүл бурбай коё алган эмес. Артыкчылык үчүн талаш Талас дарыясынын жээгиндеги салгылашта чечилген. Жупуну араб жана кытай булактарынын негизинде окуя төмөндөгүчө реконструкцияланат. Талас салгылашуусунун жүрүшүнө көз чаптыра турган болсок тарых барактарында арабдар менен кытай аскерлери беттешкендиги баяндалат. Ошону менен катар бет алышкан эки армия тең дарыядан өтүүгө батынбай, туура төрт күн тирешип турушкан. Бешинчи күн дегенде карлуктар менен кыргыздар кытай армиясынын артынан сокку урат. Ошондо арабдар алардын бет маңдайынан чабуулга өтөт [2, 82-б.]. Натыйжада кытай аскерлери женилип, туткундалат. Аз гана аман калган аскерлери менен кытай генералы качып кутулган.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Гардизинин маалыматтарында негизинен карлуктар жашаган жерлер баяндалып, анда эки аймак көрсөтүлөт. *Биринчиси* - Ыссык-Көлдүн тегереги, *экинчиси* - Или өрөөнү. Аль-Муккадасиде чигилдердин бир бөлүгү Таразга жакын жерде деп берилет. Махмуд Кашгари өз эмгегинде чигилдердин үч тобун: биринчи тобу Таразга жакын, экинчи тобу Барскоон тарапта, *үчүнчүсү* - Кашгарда болгондугун белгилейт. Огуздар бардык түрктөрдү чигилдер деп аташкан, алар Аму-Дарыясы жакта жашаган деп беришкен. Бирок бул маалымат туура эмес экендигин Махмуд Кашгари белгилеген. Алар чатырларда жашап, кийизден калпак кийишкен, күнгө, жылдыздарга табынган. Чигилдер үйүр-үйүр малдарга ээ болушкан [5, 255-б.].

Жогорудагы маалыматтарга ылайык, VIII-X кк. Кыргызстандын аймагында карлук бирикмесине негизги көчмөндөрдүн уч тобу кирген. Маанилүү ролду жергиликтүү абалкы он ок элинин курамына кирген уруулар да түзгөн. Саясий бийлик жабгу башчылык кылган карлуктарга тиешелүү болгон. Бирок карлуктардын саясий өзгөчөлүгүнө карабастан борборлоштурулган мамлекетти түзө алган эмес. Карлуктардын жабгусунун бийлигиноминалдуу түрдө болгон, факты түрүндө бийлик феодалдык бытырандылык менен жүргүзүлгөн. Карлуктардын бийлиги боюнча Манихейдеги “Эки негиздин ыйык китеби”кол жазмасынын колофонуна С.Я. Кляшторный карлук мамлекетинин мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө олуттуу маалыматтарды берген. Чигилдин белгилүү башкаруучуларынын биринин наамына караганда, “Алтын Аргу-Таластын жана Чигил Балык, (Манихей) улуу түрктөрдүн өкулү чигил-арлан-эл тегрук” - деген наамды алып жүргөн жана ал Карлук төбөлүнө көз карандысыз болгон. Ал өзүн Улуу Түрк салтын улантуучу деп жарыялаган [5, 255-б.]. Тактап айтканда, бийлик феодалдык бытырандылыкка таандык болгондугун белгилөөгө болот.

VI кылымдын ортосунда Орто Азия түрк урууларынын олуттуу массалык Тянь-Шанга көчүшү, Кыргызстандын этникалык тарыхындагы жаңы этаптын башталышын аныктаган. VI-VIII кк. үч социалдык жана саясий жактан тең эмес этникалык топтордун туруктуу катышы бар экенин көрсөтөт [5, 414-б.]:

1) Жакынкы тарыхы Борбордук Азия менен байланышкан түрк уруулары;

2) Түрктөргө чейинки мал чарбасында автохтондук калк - сак жана усун урууларынын тукумдары;

3) Согдий (Чыгыш Иран калкы) Борбордук Азиянын шаар борборлору менен туруктуу байланышта болгон шаарлар жана отурукташкан калктуу конуштар.

Этникалык Тянь-Шандын негизги мазмуну ушул үч этникалык компоненттин өз ара таасири болгон. Этникалык өз ара аракеттенүү процессинде негизги ролду түрк уруулары ээлешкен, алар артыкчылыктуу абалы - бул уруулардын аристократиясы мамлекетте чыныгы бийликке ээ болгондугу.

В.В. Бартольд [1], О.К.Караев [6], З.Э.Эралиев [3] өз эмгектеринде чигилдерди Караханид каганатын түзгөн уруу катары карашкан. Ошону менен катар чигилдерди азыркы кыргыздардын ата-бабалары деп эсептешкен. Профессор З. Эралиев Караханид мамлекетинде жетектөөчү ролду ойногон чигилдер- кыргыз уруусу болгон деп эсептейт [7]. “Манас” эпосунда Манас баатырдын эң ишенимдүү адамдарынын бири Элтабар батырдын жөн жайы жөнүндө:

Түп-теги Барскандык чигилдерден,
Таарынып кырктай тутун эли менен;
Басыздар тагалары болгондуктан,
Бел тутуп ошолорго көчүп барган [7].

XIX к. бугу уруусунун чоң манабы Боромбай да казактын улуу окумуштуусу Ч. Валиханов менен жолукканда түпкү тегибиз чигилдер деп айткан. Санжырада бугу, сарыбагыш уруулары бир атадан – Сарыбагыштан (Кылжырдан) тараган деп айтылат. Бул айтылгандар тарых илимдеринин доктору З.Эралиевдин чигилдер кыргыз уруусу болгон деген пикирин ырастайт [2, 114-б.]. Чигилдер карлук бирикмесинде болгондуктан карлуктардын курамында кыргыздардын киргенин ырастоого болот.

Бул согушту чечүүдө жергиликтүү түрк урууларынын ролун белгилей кетүү керек. Кытай булактары түрктөрдүн уюшкан жана тартиптүү аскери болгондугун, анын өзөгүн жакшы куралданган атчандар – найзачылар түзгөнүн тастыктайт. Көчмөндөрдүн стратегиясы жана тактикасы көп учурда кемчиликсиз болгон, алардын жашоо образынын бардык артыкчылыктарын колдоно билүүсүнүн аркасында алар согуш талаасында укмуштуудай натыйжаларга жетише алышкан. Хунндар тарабынан өркүндөтүлгөн “аралыктагы салгылашуу” салгылашуунун тактикалык ыкмаларынын бири болуп калды, ал эми душманды жеңүүгө багытталган маневрдүү атчан аскерлер согуштук түзүлүштө чабуул коюуну үйрөнүшкөн. Брондолгон лава менен душманга тез чабуул жасап, алар коргоочулардын катарына баш аламандык себишкен, аларды системалуу түрдө талкалашкан.

Бул максатка жетүү үчүн көчмөндөр бир кезде алардын алыскы ата-бабалары скифтерде болгон атчан аскерлерди (катафрактарды) кайра жандандырышы керек болгон. Каралып жаткан мезгилде көчмөндөр кытайлардын тактикасы өзгөргөнүн түшүнүп, чабуулдун күтүлбөгөндүгүнө гана таянып, стратегияга тез арада олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизишкен.

Араб булактарында: «Түрк жапайы айбанаттарды, канаттууларды, буталарды, адамдарды... катуу ылдамдыкта алды-арт, оң-сол, өйдө-ылдый атат. Араб аткычы бир жебени жаанын жибине салгыча, ал он жебе атат...».Бул маалымат түрк урууларынын аскердик даярдыктары жогору болгондугун далилдейт.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Жыйынтыктап айтканда, көчмөн цивилизациясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз эли бирдиктүү мамлекет болбогондуктан кеңири аймакта көчүп, өз элинин өзгөчөлүгүн сактап келген байыркы эл экендиги талашсыз. Окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен кыргыз эли жергиликтүү калк болгондугун жана Талас салгылашуусунун жүрүшүнө өз таасирин тийгизгендигин белгилеп кетүү абзел. Н.А. Аристов өз эмгегинде Усундарды кыргыз элинин ата-бабалары катары карап, далилдерди келтирген. Демек, кыргыз эли байыртадан эле көчмөн жашоо шартына ылайык жашоо жүргүзгөн автохтондуу эл экендигибизге археологиялык эстеликтер далил боло алат.

Атлах салгылашуусунда карлуктар жана жергиликтүү түрк уруулары негизги чечүүчү ролду ойногондугу талашсыз. Талас салгылашуусу ошол учурдагы саясий абалдын өзгөрүшүнө, Тан империясынын Борбордук Азияда дээрлик он кылым өз таасирин жоготуп, жергиликтүү түрк урууларында ислам дининин таралышына жол ачкан салгылаш болгон.

**Адабияттар:**


1. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана, - Бишкек, 1996.
2. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. - Б., 2012.
3. Эралиев З.Э. Бабабыз менен даңктансак. - газета “Чүй баяны”. - 2 октябрь, 2001.
4. Светлов Р.В. Великие сражения Востока. - М., 2009.
5. История Киргизской ССР. Том I. - Ф., 1984.
6. Караев О.К. История Караханидского каганата (X - начало XIII в.). - Ф., 1983.
7. Интернет булактарынан. http://students.com.kg/archives/416
8. Большоков О.Г. К истории Таласской битвы (751 г.). / Страны и народы Востока. - М.: Наука, 1980.
9. История Китая. / Учебник. / Под редакцией А.В. Меликсетова. - Москва, 2006.